Бекитемин :

Мектеп директору: К Сулайманова

23-апрель **«Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө»** арналган иш-чара

**Тема : «Бүт ийгилик китеп менен алынар,китеп менен ааламга жол салынаар»**

**Максаты :**окуучулардын китепке болгон кызыгуусун,сүйүп окуусун жакшыртуу, китепке болгон көз карашын өзгөртүү , китеп окуунун пайдалуу жактарын түшүндүрүү,маданияттуулукка,эмгекчилдикке тарбиялоо

**Алып баруучу:**Саламатсыздарбы урматтуу эже-агайлар жана окуучулар . 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнүнө арналган **«Бүт ийгилик китеп менен алынаар,китеп менен ааламга жол салынаар »** аттуу иш-чаранын катышуучулары.

23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнү . Дүйнөлүк адабият жана маданияттын көч башында турган Сервантес,Шекспир жана Инка Гарсилио де ла Вега сыктуу классиктер 1616-жылдын 23-апрелинде дүйнөдөн кайтышкан. Ошондуктан бул күндүн символикалык мааниси бар болгондуктан,**ЮНЕСКО** китеп менен автордук укукту урматтоо максатында аталган күндү атайын белгилөө жөрөлгөсүн иштеп чыккан.

Ал эми кыргыз өкмөтү 2002-жылдын 1-апрелиндеги токтому менен Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүн белгилөө шартын кабыл алган. Өкмөттүк токтомдо Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүн майрамдоо аркылуу дүйнөлүк басылмалар менен китеп алмашуу жана жаңы китептер менен өлкө коомчулугун тааныштыруу багыттарын аныктаган.

Алгач китеп окуунун пайдалуулугу тууралуу айтып өтөлү.

**Китеп окуу сөз байлыкты өстүрөт.**

Китеп бетин ачаар замат өзүнчө бир дүйнөгө аралашып,жазуучунун сөз менен курагaн ааламына аралашып,ар түрдүү каармандар менен

жолугуп ,алардын ойлору кылык —жоругу менен таанышабыз.Ар кандай сөздөрдү окуйбуз,талдайбыз.Китепти көп окуу акылды курчутуп,адамды чечен кылат.

**1.Китеп жөнүндө кызыктуу маалыматтар:**

**Алып баруучу:**

**«Китеп мээнин эң мыкты машыктыруучусу»**

Биз китеп окуп жатканда мээ абдан маанилүү ишти жасайт,маалыматты анализдейт. Биз китептеги каармандардын жасаган ишине баа беребиз,кырдаалды аныктайбыз мына ушул аркылуу мээге таасирдүү машыгуу жасалат.

**2.Китеп жөнүндө атактуулардын айткандары:**

**Алып баруучу:**

**Үн чыгарып окуу үн кыраатын жакшыртат**

Үндүн пастыгы,туура эмес сүйлөө -көп кездешкен көйгөйлөрдүн бири.Айрым тамгаларды толук айтпайбыз,туура сүйлөөнү баарыбыз эле биле бербейбиз.Мына ушул көйгөйдү китепти үн чыгарып окуу менен жоё алат экенбиз.Китепти канчалык көп окуган сайын үн жакшырып,тамгаларды туура айтканга үйрөнөбүз.

**3.Сценка «Биринчи мугалим»**

**4.Көркөм окуу**

**5.Сценка: «Бетме-бет»**

**6.Видео ролик «Эмне үчүн китеп окуу керек?»**

**7.Жыйынтыктоо**

Бекитемин : 2021-жыл.

Мектеп директору: К.Сулайманова

23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнүнө

карата

# Тема: «Китеп менин таза,тунук булагым»

Китепканачы : Мамырова.К

Максаты :Билим берүүчүлүк:Китептин келип чыгышы жөнүндө маалымат алышат

Өнүктүрүүчүлүк:Китеп эң пайдалуу буюм экендигин билишет,китеп окуу менен бирге ой жүгүртүүсү,ойлонуусу,сөз байлыгы өсөт

Тарбия берүүчүлүк: Китепти таза,тыкан сактоого калыптанышат.

Жүрүшү :

Саламатсыздарбы урматтуу эже-агайлар окуучулар бүгүн «23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнүнө» арналган «Китеп менин таза ,тунук булагым» аттуу салтанаттуу ленейканы ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер. 19-апрелден 23-апрелге чейин 1 жума китеп жумалыгы өтөт.Жума ичинде китепке байланышкан иш чаралар ,китепче жасоо боюнча башталгыч класстар арасында конкурс жарыяланган мыкты деп табылган 5 китепке белектер берилет.Анда эмесе 3-класстын окуучулары даярдаган чакан программага күбө болуп коюңуздар.

**1.Алып баруучу:** Ардактуу ага-инилер жан курбулар,

Жаңы өскөн жайдары ачык жаш муундар

Силерге айта турган сөзүм ушу

Ар дайым китеп менен дос болуңар

2.**Хор «Китеп»**

**3.Китептин келип чыгуу тарыхы (видео слайд)**

**4.Китеп жөнүндө ырлар**

1-окуучу (Эрнис)

Китеп деген акылман

Жакшылыкка чакырган

Окуучуга кеңешчи

Жакын досу эмеспи

2-окуучу (Султан)

Китептүү үй дайым таза кутман үй

Идиш эне ырыс кешик жуккан үй

Чала сабат чай кайнамга отурса

Акылына акыл кошуп чыккан үй

3-окуучу (Зулайка)

Китеп менин таза тунук булагым

Китеп менин өчпөс жарык чырагым

Көптү билип көптү окуп китептен

Мекениме талбай кызмат кыламын

4-окуучу (Асенат)

Китеп бизге чын жолдош

Китеп бизге анык дос

Пайдаланып китептен

Акылыңа акыл кош

5-окуучу (Айдин)

Өмүрдүн жан шериги жакшы китеп

Жаш жүрөк жалындаган жолун дегдеп

Китепте не кааласаң бүт баары бар

Эрикпей окуп чыксаң таамай издеп

6-окуучу (Канайым)

Акылга жакшы китеп акыл салаар

Кыялдын жаман жагын тартып алаар

Өзүңдү өзүңө айтпай кайра жасап

Сен ачкан жолдоруңа канаттанаар

7-окуучу (Нурлан)

Билим кени - китеп

Тарбия кени-мектеп

Ким китепти окуса ал көптү билет

Андыктан аны барктай билүү керек

8-окуучу (Султан)

Жакшы китеп окусаң,көп нерсени билесиң

Каарман менен бир кетип ,күлсө кошо күлөсүң

Канат бүтүп көктө учуп ,көк деңизде сүзөсүң

Желмогузду кубалап жер алдына түшөсүң

## 5.Китепти сактоо жана даңазалоо

1-окуучу

Жасалат китеп канча эмгек менен

Бир жыл жасайт эгерде аны билсең

Китепти көп окуган адам гана

Айга да жете алат билим менен

2-окуучу (Атай)

Окуйлу окуйлучу китепти биз

Окуган кандай жакшы окуйлу биз

Эгерде окубасак биз китепти

Жете албайбыз бийиктикке эч кимибиз

3-окуучу (Кутман)

Замандаш кел китепти сактайлычы

Китептин улуулугун даңктайлычы

Жулуп алып барагын айрып салбай

Китепти көп-көп окуп барктайлычы

4-окуучу (Канайым)

Досторум биз китепти таза сактап окуйлучу

Анткени китеп бизге билим берет

Китепти таза сактап көп окусак

Китеп бизге билимге жол ачып берет

5-окуучу (Аделя)

Сүттөй тунук тилеги

Деңиздей кең талабы

Көктөй тунук акыйкат

Анын ар бир барагы

6-окуучу (Мадина)

Таалайдын жолун көрсөтүп

Чакырып турат келсин деп

Арамдыктан тазалап

Жакшылыкка ээрчитет

7-окуучу (Элай)

Ошондуктан баркын бил

Кирдебесин бир чети

Сыя төгүп булгабай

Таза сакта китепти

**6.Эки китептин маеги**

**7.Улуу адамдардын китеп жөнүндө айткандары**

1.Китеп окуган адам ,китеп окубаган адамдан алда канча жогору турат.( В.Г.Белинский) (Канайым)

2.Билимден ашкан күч жок. (М.Горький) (Аделя)

3.Адамдар китеп окуганды таштаса,анда алар ойлонуудан да калат. (Д.Дидро)(Мадина)

4.Бул кылымда китептен сүйктүү дос жок. (А.Новои) (Элай)

6.Китеп адамдын жанына чындыктын үрөөнүн себүүчү курал. Я.Каменский (Зулайка)

**8.Макал-лакаптар**

1.Билим жанып турган чырак (Асенат)

2.Билим деңиз-акыл кайык (Зулайка)

3.Билим жашоо чырагы,өнөр элдин курамы(Айдин)

4.Билим арыбас,өнөр карыбас(Канайым)

5.Билим кенч,эмгек анын ачкычы(Нурлан)

6.Билим оошот,өнөр жугушат(Султан)

7.Билимдин кени,китепте(Нурлан)

8.Акыл айга жеткирет,өнөр көккө жеткирет(Атай)

**Табышмактар**

1.Өзү сүйлөбөйт бирок кишиге акыл үйрөтөт (Эрнис)

2.Өзү кичине колума чакан,кайда барсам колума ала барам.Отура калып ичин ачам баатырларга аралашам ,аябаган кызыкка батам аягына жеткенче шашам (Султан)

**9.Китептин кеңеши өтүнүчү**

1-окуучу

Мукабамды ачканда

Таза болсун колдоруң

Бетиме кир жугузуп

Уят кылып койбогун (Атай)

2-окуучу

Барагымды ачканда

Таза сакта  дайыма

Сен тилимди укпасаң

Келгим келбейт жаныңа  (Зулайка)

3-окуучу

Тамак ичип жатканда

Окуба мени кармаба

Булгап менин бетимди

Бербе тытчу балага  (Айназик)

4-окуучу

Көрүнгөн жерге ыргытып

Таштап койсоң таарынам

Ардактасаң ар дайым

Окуса деп сагынам (Асенат)

5-окуучу

Окуп жүрсөң сыйлайсың

Менда сени сыйлаймын

Арбын берип билимди

Дос деп дайым сыйлаймын (Фарида)

Хор «Китептин душманы»

**Алып баруучу**:

Эмесе ушуну менен 23-апрель Бүткүл дуйнөлук китеп кунунө арналган чакан кечебиз аяктады көңүл бурганыңыздарга чоң ырахмат!

Бекитемин :
Мектеп директору: К Сулайманова

# Тарбиялык саат

Тема : «Китеп —билим булагы»

Максаты:Китеп окуунун пайдаларын түшүнүшөт,китепке болгон кызыгуусу артат,сөз байлыгы өсөт,ыймандуулукка,адептүүлүккө,маданияттуулукка тарбияланышат.

Класс жетекчи : Мамырова К

Акылай: Актан,Такай келгиле бери мен сонун кызыктуу китеп окудум силерге айтып берейинби

Актан:Акылай ал эмне китеп экен аябай кызыктуу болсо керек ээ?

Такай :Бүгүн бизди китептер майрамга чакырбады беле жүргүлө баралы бизди китептер күтүп калышты го.Ихаа жүргүлө кеттик.

Актан :Ай-ий Акылай биз каякка келип калдык?

Бул жерде китептерге эмне болгон, эмне үчүн алар кайгылуу?

Акылай: Билбейм китептерден сурап көрөлүчү,Такай сен келчи биздин жаныбызга.

Такай: Ой Актан,Акылай бул жерде эмне болгон китептерден сурап көрөлүчү.

Актан: Урматтуу китептер силерге эмне болгон,эмне үчүн мынча капа болуп турасыңар?

Китептер: Мен күндөн-күнгө кысылып бул ааламга батпай бара жатам.

Актан: Сүйүктүү биздин китептерге эмне болгонун түшүндүрчү

Китеп: Мына-мына келе жатат.

Актан : Ай-ий Акылай бул эмне?

Акылай :Ой бул эмне?

Такай : Ой-ий чын эле бул эмне ия

Телефон : Мен деген бүт ааламды байланыштырган телефонмун ,мен кандай күчтүүмүн,мен кандай барктуумун.

Менсиз эч ким эч нерсе кыла албайт ха-ха-ха-ха

Актан : Телефон сен эмне мынча көңүлдүүсүң?

Телефон : Ха-ха-ха кандайсыңар Актан Акылай мен кандай бактылуумун себеби:адамзаты менден эч жакка кете алышпайт.

Актан : Ой телефон сен анча көппө,сенсиз да бул жашоодо өмүр сүрө алышат,жаңылыктарды уга алышат,жомокторду окушат,мына бул китеп бизди ааламга жеткизет.

Телефон :Китеп ким болуп кетиптир ,китепти эч ким окубайт,китепти эч ким барктабайт,керек болсо бетин ачып да койбойт.

Китеп : Мен буга чейин канча баланы ааламга учургам,канча балдар менден билим алышкан.

Такай : Ооба туура айтасың ,биз буга чейин канча китептерди окуп келгенбиз,капаланба китеп капаланба.

**Акылай :** Ооба Такай туура айтасың китептерди күнбү-түнбү окуп пайдалансак болот да.

**Телефон :** Койчай китеп мен сенин андай акылман экениңди көрбөптүрмүн.

**Такай :**Токтот телефон буга чейин эле китеп менен эле жашап келгенбиз,китеп менен дүйнө тааныганбыз.

**Телефон :** Ой-ой мен эмне болуп жатам,мага эмне болду жардам бергилечи,мени куткарып бирдик салып,кубаттуулугумду толтургулачы.

**Китеп :** Кой телефон сен анча капа болбо ,сен дагы бизге керексиң,экөөбүз чогуу бирге кызмат кылалы .

Мен балдарга билим берейин,сен дүйнөдөгү жаңылыктарды бизге жеткиресиң,кел экөөбүз дос бололу .

**Телефон :**Мени кечирип койгулачы,мен өзүмдү китептен өйдө коюп алыптырмын.

**Такай :** Ай телефон сен өзүңдү күчтүү сезип жаттың эле,көрдүңбү сен электр энергиясына көз карандысың.

**Акылай :** Ооба Такай сен туура айтасың ,китепти күнбү-түнбү каалаган убагында окусаң болот да. Телефон капаланба сен дагы бизге керексиң,бирок өзүңдү китептен өйдө коюп мактанбай жүр

**Актан :** Туура айтасыңар Акылай, Такай телефон биздин жашообузда экинчи орунда болушу керек,телефонду эмес китепти барктап,баалап тытпай ,булгабай окусак, акылыбызга акыл кошулуп турат.

**«Керемет көч»** ыры

**Телибай тентек:**Ой бул жерде эмне болуп жатат мынча эмне көңүлдүүсүңөр токтоткула ырыңарды

**Балдар :**Бүгүн 23-апрель китеп күнү майрамы да.

**Телибай тентек:**Китеп деген эмне,майрам деген эмне?

**Балдар :** Китептен биз көп маалыматтарды алабыз,тамгаларды үйрөнөбүз,жомокторду окуйбуз.

**Телибай тентек:**Ал тамга деген эмне?

**Балдар :**Тамганы билбесек биз китеп окуй албайбыз,сен тамга билесиңби?

**Телибай тентек:**Билбейм билгим дагы келбейт.

**Акылай :**Кой Телибай сен антпе китепке биз дос болушубуз керек.

**Балдар :** Бул кайсы тамгалар (балдар тамгаларды көрсөтүшөт)

**Телибай тентек:**Билбейм менин жиниме тийбегилечи ,силер кыйынсыңарбы кана анда мага китеп жөнүндө ыр айтып бергилечи.

**Китеп жөнүндө ырлар:**

Залина : Билбегенди билгизген
Мээге сезим киргизген
Ак булуттун үстүндө
Айга жакын жүргүзгөн
Китеп менин акылым
Китеп менин жакыным

**Байинат:** Турмуш сырын үйрөткөн
Көркөм чечен сүйлөткөн
Көкөлөтүп көңүлдү
Табиятты бийлеткен
Китеп - менин акылым
Китеп-менин жакыным

**Сыймык:** Эл достугун сактаган
Эрк,таалайды мактаган
Согуш отун өчүрүп
Бейкуттукту жактаган

**Нурсултан:** Китепти сүй баркын бил
Китептин көп акылы
Ким китепке дос болсо
Ал ошонун жакыны

Элхан: Сүттөй таза тилеги
Деңиздей кең талабы
Көктөй тунук акыйкат
Анын ар бир барагы

Нурэл : Таалайдын жолун көрсөтүп

Чакырып турат келчи деп
Арамдыктан тазалап
Жакшылыкка ээрчитет

Фатима : Ошондуктан баркын бил
Кирдебесин бир чети
Айрып жазып булгабай
Таза сакта китепти

Абу Бакр: Китеп деген акылман
Жакшылыкка чакырган
Окуучуга кеңешчи
Жакын досу эмеспи

Нурбол : Китеп бизге чын жолдош
Китеп бизге анык дос
Пайдаланып китепти
Акылыңа акыл кош

Нурсултан: Билим кени -китеп
Тарбия кени-мектеп
Ким китепти окуса
Ал көптү билет

Жаркынай: Ким китепти кирдетсе
Китеп баркын билбесе
Жулуп алып барагын
Орой салса бир нерсе
Ал —китептин душманы

Нурэл : Ким китепти сүйбөсө
Кадырына күйбөсө
Барактарын шарт айрып
Калжың-кулжуң сүйлөсө
Ал —китептин душманы

Аяна : Бардыгынан ким жаман
Китеп жырткан шум жаман
Китепти сүйгөн балдардан

Наалат алсын ал адам
Ал - китептин душманы

**Телибай тентек:**Силер эмне мени айтып жатасыңарбы?

**Акылай:**Жок Телибай сени айткан жокпуз ,кел андан көрө сен биз менен чогуу китеп оку.

**Телибай тентек:** кана жомогуңарды угуп көрөйүнчү.

**Китеп** : «Телибай тентек»жомогу,табышмактар,балдарга суроолор

Балдар :Китеп менин таза,тунук булагы
Китеп менин чпөс жарык чырагым
Көптү окуп,көптү билип китептен
Мекениме талбай кызмат кыламын

Хор : «Китеп дүйнөсүнө саякат»

Баары : Китеп биздин досубуз,келгиле китеп окуйбуз!